Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2023-жылдын I чейреги үчүн

**ОТЧЕТ**

### 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2023-жылдын I чейрегинде 100,8 пайызды түзүп, 2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 1,1 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын I чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 99,7 пайызды түзгөн).

**1-таблица. Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы**
*(млн сом)*


| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2022-ж. I чейреги | 2023-ж. I чейреги | 2022-ж. I чейреги | 2023-ж. I чейреги | 2022-ж. I чейреги | 2023-ж. I чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **673 868,7** | **1 029 197,9** | **675 952,8** | **1 021 251,0** | **99,7** | **100,8** |
| Бишкек ш. | 359 588,9 | 577 776,8 | 357 654,3 | 565 804,6 | 100,5 | 102,1 |
| Ош ш. | 78 990,8 | 111 099,6 | 77 708,4 | 108 354,4 | 101,7 | 102,5 |
| Чүй областы | 45 840,6 | 82 064,9 | 46 044,9 | 81 689,5 | 99,6 | 100,5 |
| Ысык-Көл областы | 34 805,3 | 44 807,2 | 35 963,9 | 46 122,1 | 96,8 | 97,1 |
| Талас областы | 15 435,0 | 20 259,0 | 16 452,7 | 21 598,4 | 93,8 | 93,8 |
| Нарын областы | 15 726,9 | 20 941,3 | 16 343,1 | 22 118,7 | 96,2 | 94,7 |
| Ош областы | 25 008,8 | 36 391,5 | 25 035,5 | 36 373,4 | 99,9 | 100,0 |
| Жалал-Абад областы | 69 786,7 | 89 938,7 | 72 126,3 | 93 322,1 | 96,8 | 96,4 |
| Баткен областы | 28 685,7 | 45 918,9 | 28 623,7 | 45 867,8 | 100,2 | 100,1 |

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2022-жылдын I чейрегине салыштырганда 2023-жылдын I чейрегинде төмөнкү региондор боюнча өскөн:

- Бишкек шаары боюнча – 1,6 пайызга;
- Ош шаары жана Чүй областы боюнча – 0,9 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 0,4 пайызга;
- Ош областы боюнча – 0,2 пайызга.

Нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү 2023-жылдын I чейреги ичинде Ош шаары боюнча – 102,5 пайыз, Бишкек шаары боюнча – 102,1 пайыз жана Чүй областы боюнча – 100,5 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 93,8 пайыз.

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 1 029 197,9 млн сомду түзүү менен 2022-жылдын I чейрегине салыштырганда 52,7 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын негизги булактар боюнча келип түшүүсү:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 348 925,4 млн сомду, көбөйүү 37,5 пайызды (2022-жылдын I чейрегинде – 253 700,3 млн сом) түзгөн;

- товарларды сатып өткөрүүдөн – 36 081,4 млн сомду, көбөйүү 33,7 пайызды (2022-жылдын I чейрегинде – 26 989,2 млн сом) түзгөн;


- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 210 265,3 млн сом, көбөйүү 32,4 пайыз (2022-жылдын I чейрегинде – 158 780,4 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 45 526,3 млн сомду, көбөйүү 25,4 пайызды (2022-жылдын I чейрегинде – 36 312,3 млн сом) түзгөн;


- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 114 740,2 млн сомду, көбөйүү 99,3 пайызды (2022-жылдын I чейрегинде – 57 585,5 млн сом) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 114 936,2 млн сом, 1,6 эсеге көбөйгөн (2022-жылдын I чейрегинде – 43 192,0 млн сом).

**2-график. 2022-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2023-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2023-жылдын I чейрегинде 1 021 251,0 млн сомду түзүп, 2022-жылдын I чейрегине салыштырганда 51,0 пайызга көбөйгөн.

2023-жылдын I чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 351 500,6 млн сомду түзүп, 40,1 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын I чейрегинде – 250 809,3 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 59 558,7 млн сомду түзүп, 94,2 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын I чейрегинде – 30 662,9 млн сом);

- банкоматтарды толуктоо – 260 816,9 млн сомду, көбөйүү 33,7 пайызды (2022-жылдын I чейрегинде – 195 062,8 млн сомду) түзгөн;


- локалдык акча которууларга төлөө – 38 896,2 млн сомду, көбөйүү 38,2 пайызды (2022-жылдын I чейрегинде – 28 162,3 млн сомду) түзгөн;

- товарларга төлөө – 12 318,1 млн сом, көбөйүү 74,7 пайыз (2022-жылдын I чейрегинде – 7 049,9 млн сом) чегинде белгиленген;


- чет өлкө валютасын сатып алуу – 135 658,9 млн сомду түзүп, 1,4 эсеге көбөйгөн (2022-жылдын I чейрегинде – 56 453,1 млн сом);

- эмгек акыны төлөө – 1 176,1 млн сом, көбөйүү 46,6 пайыз (2022-жылдын I чейрегинде – 802,5 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2022-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2023-жылдын I чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



## 2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

2023-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча ПКС аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү 65 047,6 млн сомду түзүү менен, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 8,4 пайызга көбөйгөн. Отчетук мезгилде ПКС аркылуу 2 093 721 төлөм жүргүзүлүп, 2022-жылдын I чейрегине салыштырганда алардын саны 15,8 пайызга көбөйгөн.

### 2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

ГСРРВ аркылуу төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2023-жылдын I чейрегинде 3 094 840,5 млн сомду түзгөн жана өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 85,5 пайызга көбөйгөн. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 205 970 төлөм жүргүзүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 40,1 пайызга өскөн.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2022-ж. I чейреги | 1 808 586 | 60 017,6 | 147 051 | 1 668 396,6 | 1 955 637 | 1 728 414,2 |
| 2023-ж. I чейреги | 2 093 721 | 65 047,6 | 205 970 | 3 094 840,5 | 2 299 691 | 3 159 888,1 |

### 2.3. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү көбүнчө SWIFT билдирүүлөрүн жөнөтүү каналын пайдалануу менен өткөрүлгөн.


Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 1 913,9 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 2,5 эсеге көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2 200,2 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 2,6 эсеге өскөн.

### 2.4. Акча которуулар


2023-жылдын I чейреги ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 39,8 млрд сом жалпы суммасында 1 670,2 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 35,3 жана 13,3 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 15,7 млрд сом жалпы суммасында 163,1 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 20,6 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 18,0 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 35,5 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 63,2 пайызы туура келген.

**6-график. 2023-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**7-график. 2023-жылдын I чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**



2023-жылдын I чейреги ичинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан финансылык которууларды камсыз кылуу бөлүгү боюнча Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2023-жылдын I чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 93,5 млн АКШ доллары суммасында 210,0 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 21,3 жана 51,3 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 142,2 млн АКШ доллары суммасында 89,1 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 7,3 пайызга көбөйгөн, ал эми көлөмү 1,6 эсеге өскөн.

**2) Евродо акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 5,7 млн евро жалпы суммасында 14,5 миң кирген которуулар өткөрүлгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 51,3 жана 39,4 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 0,4 миң транзакцияны түзүү менен 0,3 млн евро жалпы суммасында жүргүзүлгөн, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 73,3 жана 78,6 пайызга азайган.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 27 107,7 млн рубль суммасында 1 445,6 миң кирген которуу өткөрүлгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 36,7 жана 2,3 пайызга азайган. Чыккан которуулар боюнча 2 753,6 млн рубль суммасында 72,2 миң транзакция ишке ашырылган, мындан өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 39,9 жана 39,9 пайызга азайган.

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2023-жылдын I чейрегинде чыккан которуулар 222,4 млн теңге жалпы суммасында 1,3 миң транзакцияны түзгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 1,4 жана 1,6 эсеге көбөйгөн. Кирген которуулар казак теңгесинде болгон эмес.

**3-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2022-ж. I ч. | | 2023-ж. I ч. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 1301,8 | 15065,8 | 52,8 | 1846,1 |
| | Чыккан | 7,8 | 590,7 | 9,8 | 861,4 |
| Contact | Кирген | 45,3 | 4767,8 | 45,8 | 1119,5 |
| | Чыккан | 15,7 | 1508,2 | 17,5 | 959,4 |
| Money Gram | Кирген | 31,4 | 1780,6 | 36,7 | 1614,9 |
| | Чыккан | 1,3 | 123,0 | 2,8 | 563,5 |
| Юнистрим | Кирген | 22,8 | 751,5 | 376,3 | 9043,1 |
| | Чыккан | 1,1 | 231,0 | 2,8 | 835,2 |
| Золотая Корона | Кирген | 1168,1 | 23095,4 | 1008,5 | 23570,7 |
| | Чыккан | 179,3 | 10832,9 | 120,4 | 7930,4 |
| RIA | Кирген | 9,6 | 444,5 | 16,3 | 614,7 |
| | Чыккан | 0,2 | 13,2 | 0,6 | 37,1 |
| UPT | Кирген | 0,7 | 21,7 | 7,7 | 282,3 |
| | Чыккан | 0,02 | 1,8 | 9,1 | 4467,1 |
| Astrasend | Кирген | - | - | 126,0 | 1704,7 |
| | Чыккан | - | - | 0,0 | 0,0 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | 2579,7 | 45927,4 | 1670,2 | 39796,0 |
| | **Чыккан** | 205,5 | 13300,8 | 163,1 | 15654,0 |

## 2.5. Банктык төлөм карталар рыногу

2023-жылдын 31-мартына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «ЭЛКАРТ» улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карталарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 21 коммерциялык банк, эл аралык төлөм системасы боюнча – 14 банк сунуштаган.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карталарынын жалпы саны 2023-жылдын 31-мартына карата абал боюнча 5 813,1 миң картаны түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 44,9 пайызга өскөн.

Төлөм карталары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

| | |
|---|---|
| **- «ЭЛКАРТ» улуттук системасы** | **3 214 199 (55,3%):** |
| - ЭЛКАРТ | 3 208 874 (55,2%); |
| - ЭЛКАРТ-UPI | 5 245 (0,1%). |
| **- эл аралык системалар** | **2 598 965 (44,7%):** |
| - VISA | 2 422 922 (41,7%); |
| - Mastercard | 53 914 (0,9%); |
| - Золотая Корона | 95 363 (1,6%); |
| - Union Pay International | 26 766 (0,5%). |


**4-таблица. Жүгүртүүдөгү карталардын областтар жана системалар боюнча саны**

| Региондун аталышы | ЭЛКАРТ | ЭЛКАРТ - UPI | UPI | Visa | Master card | Золотая Корона | Жыйын-тыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 930 088 | 2 180 | 23 543 | 1 680 953 | 31 731 | 25 067 | 2 693 562 | 46,3 |
| Чүй областы | 303 952 | 1 031 | 984 | 115 189 | 6 099 | 14 496 | 441 751 | 7,6 |
| Ысык-Көл областы | 261 884 | 75 | 857 | 86 237 | 2 478 | 6 084 | 357 615 | 6,2 |
| Нарын областы | 176 340 | 381 | 22 | 22 323 | 1 321 | 7 002 | 207 389 | 3,6 |
| Талас областы | 124 196 | 137 | 398 | 126 202 | 1 787 | 4 677 | 257 397 | 4,4 |
| Жалал-Абад областы | 540 074 | 815 | 384 | 149 798 | 4 320 | 16 706 | 712 097 | 12,2 |
| Ош областы | 610 641 | 592 | 515 | 192 970 | 4 801 | 12 734 | 822 253 | 14,1 |
| Баткен областы | 261 699 | 34 | 63 | 49 250 | 1 377 | 8 597 | 321 020 | 5,5 |
| **Жыйынтыгында** | **3 208 874** | **5 245** | **26 766** | **2 422 922** | **53 914** | **95 363** | **5 813 084** | **100** |


Бишкек шаары боюнча коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар ж.б. топтолушу боюнча эң жогорку көрсөткүч катталган, ага ылайык, төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да кыйла өнүккөн. Ошентип, 2023-жылдын I чейреги ичинде карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү көбүрөөк үлүш Бишкек шаары боюнча 48,6 пайызды түзгөн. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында – 3,4 пайыз чегинде катталган.

2023-жылдын I чейрегинде карталарды колдонуу менен эсептешүүлөр системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 64,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 80,9 пайызды түзгөн.

**8-график. 2023-ж. 31-мартына карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**9-график. 2023-ж. I чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны (миң сом)**



**2) Банктык төлөм карталар эквайринги**

2023-жылдын I чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карталары, анын ичинде «ЭЛКАРТ» улуттук төлөм картасы республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган 2 094 банкомат аркылуу (алардын ичинен 2 041 даана банкоматта – «карабай терүү» баскычы (5-саны томпок), ал эми 11 даана банкоматта – аудио (үн) менен коштоо (операцияларды үн менен коштоо) функциясы каралган жана 1 049 даана банкомат үчүн пандус орнотулган (727 жабдуу үчүн пандус орнотуу зарылдыгы жок, 312 жабдуу үчүн пандус орнотулган эмес), ошондой эле 16 787 POS-терминал аркылуу тейлөөгө алынган (алардын ичинен 14 144 даана банкоматта – «карабай терүү» баскычы (5-саны томпок) жана 13 502 даана банкоматта – байланышсыз төлөө функциясы каралган). Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 8,7 пайызга же 168 банкоматка көбөйгөн, ал эми POS-терминалдардын саны 14,4 пайызга же 2 199 POS-терминалга көп.

Банктык төлөм карталарын колдонуу менен эсептешүүлөрдүн эл аралык төлөм системасын тейлеген POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана Mastercard эл аралык системалары – 802 банкомат жана 7 794 POS-терминал;
- «Золотая Корона» эл аралык системасы – 258 банкомат жана 2 098 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы – 437 банкомат жана 3 841 POS-терминал.

**5-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** *(даана)*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 779 | 9704 | 776 | 670 |
| Чүй областы | 209 | 1342 | 233 | 231 |
| Ысык-Көл областы | 204 | 987 | 242 | 294 |
| Нарын областы | 86 | 200 | 147 | 119 |
| Талас областы | 84 | 262 | 93 | 137 |
| Жалал-Абад областы | 274 | 608 | 338 | 337 |
| Ош областы | 339 | 1047 | 461 | 453 |
| Баткен областы | 119 | 181 | 166 | 164 |
| **Жыйынтыгында:** | **2 094** | **14 331** | **2 456** | **2 405** |

**3) Банктык төлөм карталарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

2023-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча карталарды колдонуу менен 172,0 млрд сом жалпы суммасында 42,5 млн транзакция өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 74,6 жана 62,8 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 136,7 млрд сом жалпы суммасында 21,6 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 46,0 пайызга, ал эми көлөмү 61,0 пайызга көбөйгөн;
- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 35,3 млрд сом жалпы суммасында 20,9 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 85,0 пайызга, ал эми көлөмү 2,6 эсе көбөйгөн.

### 2.6. QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү

2023-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча 20 банк (23[1] банктын ичинен) жана 5 төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары системалар аралык интеграцияны

[1] 3 банк «ЭЛКАРТ» төлөм системасынын мүчөлөрү эмес

камсыз кылууда жана QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү боюнча кызматтарды көрсөтүшүүдө.

Системалар аралык интеграциянын алкагында 2023-жылдын 1-апрелине карата банктар, төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары тарабынан соода-тейлөө ишканаларында (ТСП) 10 159 QR-код орнотулган.

2023-жылдын I чейрегинде өз ара иш алып баруу оператору системасы аркылуу 91,3 млн сом суммасына 42 561 төлөм өткөн, алардын ичинен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн 9 411 төлөм 13 621 726,03 сом суммасын түзгөн.

2023-жылдын I чейрегинде банктар, төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу төмөнкү операциялар ишке ашырылган:

| Которуулар | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышуучунун категориясы | Өз системасында | | Системалар аралык | | | |
| | | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) |
| Коммерциялык банктар | 98 435 | 183 424 276,8 | 6 627 | 34 618 773,2 | 4 932 | 30 657 278,99 |
| Төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары | 20 | 2400,3 | - | - | - | - |


| Товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышуучунун категориясы | Өз соода-тейлөө ишканаларынын пайдасына (чыг.) | | Алардын ичинен бюджетке төлөмдөр | | Системалар аралык төлөмдөр | | | |
| | | | | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) |
| Коммерциялык банктар | 1 090 | 7 608 384 | 1 263 | 1 240 056,2 | 7 165 | 12 337 042,8 | 30 369 | 46 051 905 |
| Төлөм системасынын операторлору / төлөм уюмдары | 184 147 | 134 623 284 | 0 | 0 | 22 294 | 15 214 208,5 | 1 689 | 1 817 732,9 |

### 2.7. Электрондук акча

2023-жылдын I чейрегинин акырына карата алты коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча сегиз[2] локалдык система иш алып барган.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугу менен байланыштуу болгон. Алсак, электрондук капчыктардын жалпы саны 5,6 млн капчыкты түзүү менен 3,8 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 17,1 пайызга жогорулаган), алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 2,1 млн (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,6 пайызы) түзгөн.

**10-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)**




2 2019-жылдын II чейрегинен тартып бир системанын функционалы чектелүү болгон (электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) гана жүзөгө ашырылган) жана дагы бир система 2021-жылдын III чейрегинен тартып атайын жөнгө салуу режиминин алкагында ишин жүргүзүүдө.


2022-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 41,6 пайызга көбөйүп, 5,7 млрд сомду түзгөн, которуулардын саны 2,0 млн операцияны түзүү менен 43,0 пайызга көбөйдү;

- электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын көлөмү 58,1 пайызга азайып, 3,0 млрд сомду түзгөн, ошондой эле операциялардын саны 71,4 пайызга азайып, 0,5 млн жакын операцияны түзгөн;

- отчеттук мезгилде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 56,9 пайызга көбөйүп, 6,2 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 25,5 пайызга көбөйүп, 4,3 млн операция чегинде катталган;

**11-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү**




- электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаны таратуу боюнча операциялардын көлөмү 20,2 пайызга азайып, 7,8 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 21,2 пайызга көбөйүп, 2,5 млн операцияны түзгөн.

**2.8. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары**

2023-жылдын 31-мартына карата абал боюнча 24 юридикалык жак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 23 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 24 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2023-жылдын I чейрегинде төлөм уюмдары аркылуу жалпы 71,1 млрд сом суммасындагы 55,3 млн транзакция өткөрүлгөн.

Отчеттук мезгилде бардык төлөмдөрдүн олуттуу бөлүгү банк эсебин толуктоо боюнча төлөмдөргө туура келип, алар жалпы 17,5 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 24,7 пайызы) 4,3 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 7,7 пайызы) жана башка банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдасына – 21,3 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 29,9 пайызы) 5,6 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 10,1 пайызы) түзгөн.

Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү – 11,6 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 16,2 пайызы), бул төлөмдөрдүн саны 30,2 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 54,7 пайызы) түзгөн.

Мамлекеттик жана коммуналдык товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жолдо жүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 3,8 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 5,3 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 3,5 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,3 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 6,7 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 9,4 пайызы), саны 3,1 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 5,6 пайызы) түзгөн.

**6-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 30 245 983 | 54,71% | 11 550 453,56 | 16,23% |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 29 709 | 0,05% | 9 083,46 | 0,01% |
| 3 | Интернет | 677 341 | 1,23% | 597 478,81 | 0,84% |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 3 283 668 | 5,94% | 3 580 500,05 | 5,03% |
| 5 | Салык жыйымдары | 8 791 | 0,02% | 18 314,34 | 0,03% |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул | 98 113 | 0,18% | 75 687,06 | 0,11% |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 107 616 | 0,19% | 91 979,90 | 0,13% |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 4 273 934 | 7,73% | 17 541 798,75 | 24,66% |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 766 818 | 1,39% | 3 333 613,38 | 4,69% |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 5 563 431 | 10,06% | 21 253 194,14 | 29,87% |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 3 082 589 | 5,58% | 6 721 921,80 | 9,45% |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 176 592 | 0,32% | 313 662,63 | 0,44% |
| 13 | Социалдык тармактар | 86 897 | 0,16% | 38 194,28 | 0,05% |
| 14 | Интернет оюндары | 11 011 | 0,02% | 5 012,12 | 0,01% |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 2 170 | 0,00% | 4 044,51 | 0,01% |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 3 399 708 | 6,15% | 488 804,05 | 0,69% |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 80 148 | 0,14% | 36 236,83 | 0,05% |
| 18 | Кулактандыруулар | 35 516 | 0,06% | 21 272,36 | 0,03% |
| 19 | Кайрымдуулук | 3 162 | 0,01% | 1 526,74 | 0,00% |
| 20 | Билим берүү | 69 531 | 0,13% | 195 071,17 | 0,27% |
| 21 | Туристтик сапарлар | 6 898 | 0,01% | 28 660,73 | 0,04% |
| 22 | Башка төлөмдөр | 3 278 278 | 5,93% | 5 240 793,26 | 7,37% |
| **2023-жылдын I чейрегинин жыйынтыгында** | | **55 287 904** | **100,0%** | **71 147 303,92** | **100,0%** |







Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу) жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2023-жылдын I чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,12 эсе көбөйүп, 11 521 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

**2.9. Банктык чекене агенттер**

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карталардан нак акча каражаттарын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2023-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны:

- кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган 121 агент түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 27 агентке же 28,7 пайызга көбөйгөн. Бир нече банк тарабынан 89 соода-тейлөө ишканасынын кассаларында акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча долбоор ишке ашырылууда;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн 2 816 агент сунуштаган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда бул агенттердин саны 1 143 агентке же 68,3 пайызга көбөйгөн.

**3. Методологиялык иш**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында төмөнкү токтомдорду кабыл алган:

1. 2023-жылдын 3-февралында №2023-П-14/8-2-(НПА) «Виртуалдык активдерге байланышкан кызматтарды сунуштоо тартибин бекитүү жөнүндө» токтому кабыл алынган. Бул токтомдо банктарга виртуалдык активдер боюнча кызматтарды сунуштоочунун ишин жүзөгө ашырууга виртуалдык активдер чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу органдын тиешелүү лицензиясын алуу үчүн Улуттук банктын макулдугун алуу тартиби аныкталган жана виртуалдык активдерге байланышкан кызматтарды сунуштаган банктардын ишин жөнгө салуу каралган;
2. 2023-жылдын 22-февралында № 2023-П-14/11-5-(ПС) «Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын финансылык отчетторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому кабыл алынган;
3. 2023-жылдын 29-мартында № 2023-П-14/20-4-(ПС) «Кыргыз Республикасынын төлөм системасын 2023-2027-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары жөнүндө» токтому кабыл алынган. Бул документ төлөм системасынын катышуучулары үчүн Кыргыз Республикасынын төлөм системасын орто мөөнөттүү мезгилде өнүктүрүү жагында багыт берген документ болуп саналат;
4. 2023-жылдын 31-мартында № 2023-П-14/21-1-(ПС) «Төлөм системасынын операторлорунда жана төлөм уюмдарында маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу талаптары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому кабыл алынган;
5. 2023-жылдын 31-мартында № 2023-П-14/21-2-(ПС) «Эсептешүү банкына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому кабыл алынган.

*Эскертүү: Коммерциялык банктар, төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары корректировкаларды киргизгендигине жараша жогоруда келтирилген маалыматтар өзгөрүшү мүмкүн.*